2. Dini Terimler Sozliigu. Ankara, 2008 - 424 6.
3. Акматалиев А. Ахмет Ясеви //Китепте Кыргыз адабияты : тарых жана мезгил. Б.: 2010. - 940 б (98)
4. Гордлевский В. А. Ходжа Ахмет Ясеви // Избранные сочи¬нения. - М.: Издательство восточной литературы, 1962. — Т. III. - С. 361-368. - 588 с.
5. Калыгул Акылман: ырлар, акыл насааттар, даректуу баяндар, илимий изилдөөлөр.Түз. С. Мусаев, А. Акматалиев. Б.: 2000.-272 б.
6. Молдо Кылыч. Казалдар. /Түзгөн: Сооронов О. — Ф.: Адабият, 1991. -256 б.
7. Намык Кемал Зейбек. Ахмед Ясеви жолу хикметтер. — Ан¬кара, 2003.- 323 б. (кыргыз тилинде).
8. Шериев Ж. Байыркы адабият тарыхы. Окуу китеп. Биш¬кек, 1996. – 127-229 б.



**УДК:94.341.76 (575.2) (510)**

*Гимазитдинов И.Р., с.т.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*
*Тухтаматов А.С., ОшМУнун окутуучусу,Кыргызстан*
*Мырзаканова С.Т., ОГПИнин окутуучусу, Кыргызстан*

*Гимазитдинов И.Р., к.п.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*
*Тухтаматов А.С., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Мырзаканова С.Т., преподаватель ОГПИ, Кыргызстан*

## Кыргыз – кытай дипломатиялык байланыштарынын түзүлүшү жана өнүгүү тарыхы: абалы жана келечеги

## Установление и история развития кыргызско-китайских дипломатических отношений: состояние и перспективы

## Establishment and history of the development of Kyrgyz-Chinese diplomatic relations: state and prospects

*Бул илимий макалада, Кыргыз-кытай дипломатиялык байланыштарынын түзүлүшү, калыптанышы жана өнүгүү тарыхы, учурдагы абалы жана келечеги тууралуу баяндалат.*
***Ачкыч сөздөр:*** *кыргыз, кытай, дипломатия, байланыш, өнүгүү, тарых, келечек.*

*В данной статье речь идет о формировании, истории развития и современном состоянии кыргызско-китайских дипломатических отношений.*
***Ключевые слова:*** *кыргыз, кытай, дипломатия, связь, развитие, история, будущее.*

*In this article the author describes the historical establishment of Kyrgyz-Chinese diplomatic relations, their present and future development.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, China, diplomacy, history, policy, the Kyrgyz-Chinese diplomatic relation in days of independence of Kyrgyzstan.*

Бүгүнкү күндөгү кыргыз-кытай достук-дипломатиялык байланыштары тээ байыркы жана орто кылымдардан башталып, ушул күнгө чейин жетип келгенин жана учурда дагы жогорку деңгээлде кызматташтыктар жолго коюлганын тарыхый булактар тастыктоо менен эки элдин ортосундагы жылуу мамиледен билүүгө болот десек жаңылышпайбыз.

Бул илимий макаланы жазууда биз өзгөчө кыргызстандын тышкы саясатынын түрдүү аспектилерин изилдешкен ата-мекендик окумуштуулардын монографияларына көңүл бурганга аракеттендик. Алардын ичинен, КРнын тышкы иштер министрлигинин тасыккан дипломаттарынын изилдөөлөрүндө К.А.Токтомушев [1.47], М.Иманалиев [2.4], А.Джекшенкуловдордун [3.20] Кыргызстандын тышкы саясий ишмердүүлүктөрүнүн актуалдуу маселелери иликтенген.

Кыргызстандын тышкы саясатынын тарыхы боюнча башка эмгектердин ичинен Н.М.Оморов [4.39; 4.40; 4.41; 4.42], К.Айдаркул [5.20], У.Чотонов [6.49; 1.50] монографияларын айтса болот. Аларда КРнын тышкы саясий ишмердүүлүгүнүн түрдүү аспекттери, анын ичинде Кыргызстандын Кытай Эл Республикасы менен болгон байланыштары, андан сырткары кыргыз-кытай чек ара маселелерин жөнгө салуу проблемалары иликтенген.

КРнын тышкы саясатынын өзүнчө проблемалары боюнча доктордук жана кандидаттык диссертациялар түрүндө жазылган Кааны Айдаркулдун [5.23] жана башка изилдөөчүлөрдүн фундаменталдуу эмгектери бар.

Жогоруда айтылгандардан улам төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарса болот: ата-мекендик тарыхнаамеде кыргыз-кытай байланыштарынын кээ бир маселелерине гана көңүл бурулуп, үстүртөн гана иликтенген. Кыргыз-кытай мамилелеринин көптөгөн проблемалары толук түрдө иликтенбей, көптөгөн мезгилдерге чейин ата-мекендик окумуштуулардын атайын изилдөөлөрүндө алиге чейин чагылдырылган эмес. Демек, бул проблема жакшы изилдене элек деп тыянак чыгарсак болот.

Бул макалада аталган татаал жана көп кырдуу проблеманы толук чагылдырууга мүмкүн болбосо дагы, аны комплекстүү түрдө изилдөөгө аракеттер жасалды.

Аталган изилдөөнүн методологиялык базасын изилдөөнүн жалпы логикалык жана жалпы илимий методдору, андан сырткары азыркы гуманитардык дисциплиналардын методдору түзөт. Бир эле мезгилде тарыхый жана дисциплиналар аралык методдор (көп фактордуу тең салмактуулук принциби, компаративдик, цивилизациялык) колдонулду. Проблеманы изилдөөдөгү негизги методдор катары тарыхыйлуулук принцибин атаса болот. Ал принцип эки тараптуу мамлекеттер аралык байланыштардын тарыхына баа берүүдө колдонулду. Андан сырткары, көп факторлуу тең салмактуулук методу колдонулду.

Илимий макаланын үстүндө иштөө учурунда хронологиялык-тарыхый мамиле колдонулду.

1991-жылы Кыргызстандын көз карандысыздыгынын жарыяланышы жаңы мамлекеттин калыптанышына жана анын тышкы саясий ишмердүүлүгүн өз алдынча

жүргүзүшүнө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Кытай менен кызматташтыкты өнүктүрүү биздин республиканын тышкы саясатынын башкы приоритеттеринин бири болуп эсептелет. Ал жалпы чек аранын болушу, коңшу мамлекеттин эбегейсиз чоң демографиялык жана экономикалык кубаттулугу, андан сырткары, Кытайдын аймактык жана дүйнөлүк саясатта таасиринин өсүп жаткандыгына окшогон факторлор менен шартталат.

Кытай Элдик Республикасы жана Кыргызстан коңшу мамлекеттер болуп саналып 1071 км. чек ара тилкесине ээ. Тарыхий жана географиялык жактан Кыргызстандын жана Кытайдын Батыш бөлүгү (СУАР) бирдиктүү саясий-маданий аймакка киришет, анда бирдей окшош ишенимге жана тилге ээ болгон, тууган элдердин жашашы күбө болот. Мындай окшоштук саясий жана соода-экономикалык байланыштардын өнүгүшүнө табигый шарттарды жаратат. Андан сырткары, бул аймак Чыгыш менен Батышты бириктирүүчү маданий, коммуникациялык жана транспорттук көпүрөгө айланган.

Бүгүнкү күндө Кытай Элдик Республикасы Кыргызстандын эң ири соода өнөктөшү болуп саналат. Кыргызстандын Кытай менен болгон соода байланыштарынын деңгээли КМШнын көптөгөн республикалары менен соода мамилелеринин деңгээлине караганда да көптүк кылган.

Биздин өлкөлөрдүн ортосундагы өнөктөштүк мамилелердин приоритеттүү бөлүгү катары саясий мамилелерди айтсак болот. Ал байланыштар эки өлкөнүн достук жана коңшулаш мамилелерди өнүктүрүүнүн пайдубалын түзөт. Кытай менен Кыргызстандын ортосунда саясий маселелер боюнча эч кандай пикир келишпестиктер жок. Анткени эки өлкө тең өнүгүп жаткан мамлекеттердин катарына кирет. Ушунун негизинде биздин мамлекеттер дүйнөлүк бир катар маселелерди чечүүдө бирдей же окшош көз караштарга жана позицияларга ээ.

1991-жылдын декабырында Кытай Элдик Республикасы биринчилерден болуп Кыргызстандын көз карандысыздыгын тааныган. 1992-жылдын 5–6-январында КЭРдин тышкы экономикалык жана тышкы соода министри Ли Ляньнин жетектеген өкмөттүк делегация Кыргызстанга келген. Анда эки маанилүү документке кол коюлуп, кыргыз-кытай өз ара байланыштарынын жаңы барактары ачылган. Ли Ляньнин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы Т.Койчуманов менен соода экономикалык Келишимге, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри М.Иманалиев Кытайдын тышкы иштер министринин орун басары Тянь Цзэнпэй эки өлкөнүн ортосунда дипломатиялык мамилелерди орнотуу боюнча коммюникеге кол коюшкан. Бул Коммюникиде Кыргызстан Кытай Элдик Республикасынын өкмөтүн Кытайдын жападан жалгыз мыйзамдуу өкмөтү катары таанып тургандыгын жана Тайвань Кытайдын аймагынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептеле турганыдыгын тааныган. Ага ылайык КРдин өкмөтү Тайвань менен кандай гана формада болбосун расмий мамилелерди түзбөй тургандыгын билдирген. Мына ошентип өз ара мамилелердин алгачкы күнүнөн баштап эле эки өлкө бири-бирин урматтоо жана бири-бирине ишенүү принциптерин туу тута тургандыктарын билдиришкен.

Эки республиканын ортосундагы саясий баарлашууну кеңейтүү максатында 1993-жылдын августунда КРнын тышкы иштер министри Э.Карабаев КЭРге расмий сапар менен барган. Анда саясий, соода-экономикалык жана маданий багыттарда кызматташууну тереңдетүү боюнча маселелер талкууланган.

Бул иш сапардын алкагында Э.Карабаев Кытай мамлекетинин жана өкмөтүнүн

жетекчилери, ишкер чөйрөлөрдүн өкүлдөрү менен жолугушкан. Анда маданий кызматташтык жана эл аралык унаа каттамы боюнча келишимдерге кол коюлган.

1994-жылдын апрель айында КЭРдин Малекеттик кеңешинин премьери Ли Пэн жетектеген Кытай өкмөттүк делегациясынын Кыргыз Республикасына келиши эки тараптуу кызматташуунун андан ары өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

1998-жылдын февралында Кыргызстандын тышкы иштер министри М.Иманалиев КЭРге расмий сапар менен барган. Бул иш сапардын негизги максаты эки тараптуу байланыштардын алкагындагы баарлашууну улантуу, андан сырткары, соода-экономикалык кызматташтыкты андан ары өнүктүрүү жана тездетүү боюнча бир катар маселелер талкууга алынган. Гуманитардык чөйрөдөгү карым-катнаштарга өзгөчө көңүл бурулган. М.Иманалиевдин КЭРдин Мамлекеттик Кеңешинин премьери Ли Пен менен жолугушуу учурунда тараптар Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы эки тараптуу байланыштарынын бүт багыттарын өнүктүрүү зарыл экендигин билдиришкен.

Бизге белгилүү болгондой 1990-жылдары Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы саясий кызматташтыктын негизги бөлүгү катары чек ара маселесин жөнгө салуу эсептелинген.

2002-жылдын 24-июнунда Пекинде Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда кол коюлган Ынак коңшулук, достук жана кызматташтык Келишиминде эки өлкөнүн ортосундагы бүт чек ара маселелери толук чечилгендиги тууралуу айтылат, бул чек ара укумдан-тукумга берилүүгө, аны түбөлүк тынчтык жана достук аймагына айлантуу зарылдыгы баса белгиленген. Чындыгында, биздин өлкөлөрдүн ортосундагы чек ара маселелерин чечүү эки тараптуу кызматташтыктын бүт чөйрөлөрүндө, анын ичинде парламенттик байланыштарды да өнүктүрүүгө оң таасир тийгизет.

Эки өлкөнүн ортосундагы саясий мамилелер азыркы күндө туруктуу жана жогорку деңгээлде өнүгүп жатат деп тыянак чыгарсак болот.

Ал эми, байыркы жана орто кылымдагы кыргыз мамлекетинин тарыхы анын коңшу элдер менен болгон согуштук жана тынчтык мамилелери, мамлекеттин ички жана тышкы абалы жөнүндө маалыматтарды кытай жыл баяндарынан абдан көп кездештирүүгө болот. Кыргыз-кытай мамилелеринин б.з.ч III к. баштап кытай жазма булактарынан маалымат алабыз. Кыргыз-кытай алакалары VI-VII кк. тартып айрыкча Тан династиясы мезгилинде күч алган. Кытайда Суй династиясы кулаган соң 618-жылы борборлошкон Тан мамлекетин негиздешкен. 623-жылы кыргыз жергесине Тан императору Тайцзун жөнөткөн Ван Ихун башчылык кылган элчилик «тынчтыкка келүү буйругу» менен келген [7. 240].

Бул буйруктун негизги максаты кыргыздар Тан империясына вассалдык жактан баш ийүүсүн талап кылган эле. Бирок ошол мезгилде түрк кагандыгы Алтайда биротоло бекемделип, кыргыздарды жана карлуктарды көз карандылыкта кармап турган. Качан гана Тан императорлугу Чеби каганды колго түшүргөндөн кийин кытайлар менен кыргыздардын мамилелери жаңы нукка түшө баштаган. 647-жылы императордун атайын кабылдоосунда кыргыз каганы Шибокүй Ачжан болгон. Кытай императорунун жазган каттарында да белгилүү анда мындай дейт «Жингуан диндин 21-жылында (биздин сынактын 647-жылы), сиздердин Хакандык мамлекеттин баш кишиси өзү Чананга келип падыша менен көрүшкөн. Тан Тайзун (Император Тайцзун) ал кишиге сол кол коргоочу сангун, кыргыз тутук мекемесинин тутугу

деген мансабын берген» [8. 14].
724,747 жана 748-жж. кыргыздар кытайлар менен карым-катнаштарын, өз ара мамилелерин уланта беришкен [7. 241, 242 ].

Кытай тарыхый булактарында мындайча маалымматтар жолугат “Мына ошондон тартып Тианбонун соңку жылдарына чейин (биздин сынактын 756-жылы) ар жылы ордого келип падыша менен көрүшүп туруу жана тартуу берип туруу эч качан үзгүлтүккө учурабай турган [8. 14, 15].

Кыргыздар Тан бийлигине эч качан биротоло вассалдык абалда болгон эмес, алар менен белек берүү мамилеси менен гана чектелгендиги байкалат.

Кыргыздардын Борбордук Азиядагы саясий окуяларга кийлигишүүсү түрк мамлекети кыйрагандан кийин гана башталган. Эми Борбордук Азиядагы бардык окуяларга кыргыздардын күчтүү душманы Уйгур кагандыгы болгон. 751-жылы кыргыздар карлук, огуз, чик уруулары менен биргелешип уйгурларга каршы күрөштү баштайт. Бирок уйгурлардын күчү чигилдерди, огуздөрды талкалап кыргыздарды вассалдык көз карандылыкка мажбурлаган, ушул мезгилден баштап Тан императорлугу менен дээрлик жүз жыл бою дипломатиялык мамилелер болгон эмес.

IX-X кк. тарыхыта “Кыргыздардын улуу державасы” деп аталып кыргыз-кытай дипломатиясынын жаны этабы башталды. Кыргыз каганаты Борбордук Азияда Уйгур каганатынын үстөмдүгүн жоготуп аны биротоло талкалап, андан ары согуштук-административдик жана дипломатиялык абалын чыңдады. Карлуктар жана тибеттиктер менен достук мамилелерин чыңдады. Тан императору менен алакаларын бекемдеп уйгурларга кашы согушкандыгы, император ал аракеттерин колдогондугу жөнүндө да бир бирине жазган каттарда кездешет “Эшитсем быйыл күз айларында уйгурлардын хакандык ордосун көчүрүп жиберип, анын турган жерин өзүңүз ээлеп иштеткени келип жатыпсыз...а тиги уйгурлар болсо бүт эле үмүттөрүн үзүшөт. Ошондой болгондо биз кытай элинин чек арасында да биртке жакындаша түшөр эле... Менин жоромолумда, хакан сиз дүмөк салып аларга кирген кезиңизде уйгурлар сөсүз качып берет”[8. 43, 44]

Ушул жылдарда тагыраак айтканда 843-жылы мартта кыргыз каганынын элчиси Чжуу Хэсу кытай императорунун ордосуна жөнөтүлөт, ал эми апрель айында кыргызарга кытай элчиси Чжао Фань келет. Ошондуктан император Вуцзун кыргыз каганын Чыгыш Түркстандандагы аракеттеринен алагды кылуу максатында грамоталарды жөнөтүп, каганга Цзун-ин Хюн-ву Чен-мин-хан титулун ыйгарган. Императордун кыргыз каганына жазган каттарында көрүнгөндөй кытайлар менен кыргыздардын ортосундагы достук мамилеге таянып уйгурларды өзүнө каратууну эмес аларды биротоло кырып жок кылууну жолдогон. “Хакан сиз ушул учурду кетирбей, аларды эртерззк жылас кылып салыңыз...Уйгурлар жоюлбаса Хакан сиздин ичкениңиз аш эмес. Жоокерлериңизди машыктырып аттарыңызды таптап, эч бир убакытты эндегей кетирбегениңиз жөн... Кылмыштуу черүүнү кечирип, сандалып жүргөн башчыларды кабыл алып койсоңуз эч болбойт. Анда бизди жаман көргөн бузукуларды кабыл алган болосуз. Анда биздин чек арада кагылышуу болот”[8. 30, 31].

Жогоруда айтылган каттарда кытай императору кыргыз каганынан уйгурларды биротоло талкалоону дайма өтүнүп жазгандыгы жөнүндө маалыматтар көп учурайт. Кыргыздар уйгурлардын артынан кууп олтуруп Чыгыш Түркстанга чейин кирип келишип Аньси жана Бейтин шаарларын ээлешкен. Бирок бул окуялар Тан

императору менен кыргыз каганынын ортосунда мамилелердин кескин курчушуна алып келген.

“Улуу кыргыз державасын” түзгөн каган 847-жылы өлөт. Император жаңы кыргыз каганына Ин-ву Чен-мин титулун ыйгарат. Императордун ар кандай аларды биротоло жоюу боюнча көрсөтмөлөрүнө карабастан кырыгздар уйгурларды биротоло жок кыла алган эмес. Чыгыш Түркстанада кыргыздардын кысымынан бошонгон уйгурлар өз мамлекетин түзө алган.

XI к. Кыргыз кагандыгы өзүнүн күч кубатына келип турган мезгилде бүт Борбордук Азия анын кол алдында турган Тан императорлугу өзүнүн түндүк чек арасынын коопсуздугун коргоо максатында кыргыз кагандыгынын жогорку чиндеги адамдарын ар кандай грамоталар менен сыйлап чек арада бирбирине белек жөнөтүп достук мамилелерин бекемдеген.

IX к. аягында кыргыз кагандыгы өзүнүн согуш аракеттерин Чыгыш Түркстанга буруп, уйгурларга каршы жаңы жортуулдарды уюуштурган жана бир топ шаарларын басып алууга жетишкен. Ушул мезгилде кытай менен болгон алакалары бир аз солгундап калган эле. X к. баш ченинде тибеттиктер менен союздаш болуп Тан императорлугунунур өз ара келишпестиктерин чечүүгө да катышууга аракет кылган. Кийинчээрэк кыргыздардын борбордук Азиядагы күч кубаты бошоңдогондон кийин мурдакыдай кытай императорлору менен дипломатиялык алакаларды жүргүзө албай калган. Бул мезгилде Борбордук азияда башка мамлекеттин - кидандардын Ляо мамлекетинин күч кубаты жогорулап көпчүлүк көчмөн уруулар алардын курамына кирип кетишкен.

Чындап эле өткөн тарыхыбызда байрыкы мезгилден эгемендүүлүгүбүзгө ээ болгон жылдарга чейин кандай гана оор тарыхый процесстерди эки эл тең кечирген десек болот.

XX кылымдын 90-жылдары кыргыз эли өз эгемендигине ээ болгондон ушул күнгө чейинки чейрек кылымдын аралыгында дүйнөдөгү бир топ мамлекеттер менен достук-дипломатиялык алакаларды түзүп, эл аралык саясатта мамлекет катары өзүнүн белгилүү позициясын айтып келет.

Мына ошондой достук-дипломатиялык алакалар коңшу кытай эли менен дагы түзүлүп, бүгүнкү күндө өзүнүн позитивдүү жагын гана көрсөтүп келээрин жогоруда белгилеп өттүк.

Бул теманын айланасында, дагыда көптөгөн илимий изилдөөлөрдү, долбоорлорду жазууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**

[1]. Токтомушев К.А. Внешняя политика независимого Кыргызстана. – Бишкек, 2001. – С.47.

[2]. Иманалиев М. Центральная Азия в системе совместной безопасности//Центральная Азия и Кавказ. 1999. №3(4). – С.4.

[3]. Джекшенкулов А. Новые независмые государства Центральной Азии в мировом сообөества. – М., 2000. – С.20.

[4]. Оморов Н.М. Международные отношения в эпоху глобального развития. Учебник для вузов. – Бишкек, 2003. – С. 39, 40, 41, 42.

[5]. Каана Айдаркул. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Бишкек, 2002. – С.20.

[6]. Чотонов У. Кыргызстан по пути суверенитета. Историко-политологических анализ. – Бишкек, 2007. – С. 49, 50.
[7]. Супруненко Г.П. Некоторые источники по древней истории киргизов. //История и культура Китая. – М., 1974. – С. 240, 241, 242.
[8]. Кытай императорлорунун кыргыз кагандарына жазган каттары. – Бишкек, 2003. – С. 14, 15, 30, 31, 43, 44.



**УДК 630.892.2(575.2)**

*Камалов Э.Т., э.и.к., ОшМУнун доценти,*

*Камалов Э.Т., к.э.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*

## ИНТЕГРАЦИЯ ШАРТТАРЫНДА ӨЛКӨНҮН АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН АГРАРДЫК СЕКТОР ТАРАБЫНАН КАМСЫЗДОО

## ОБЕСПЕЧЕНИЕ АГРАРНЫМ СЕКТОРОМ ПРОДОВОЛЬСТВЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ СТРАНЫ В УСЛОВИЯХ ИНТЕГРАЦИИ

## ENSURING THE FOOD SECURITY OF THE COUNTRY IN THE CONDITIONS OF INTEGRATION BY THE AGRICULTURAL SECTOR

*Макалада азык-түлүктүн жетиштүү өлчөмдө болушун, үй чарбаларынын тамак-аш азыктарына жетүү мүмкүнчүлүгүн жана тамак-аш муктаждыктарын канаатандыруу үчүн зарыл болгон өлчөмдө тамак-аш керектөөсүн түшүндүргөн өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуудагы айыл чарбанын ролу талкууланган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *азык-түлүк коопсуздугу, айыл чарба, интеграциялык процесстер, жумушсуздук, миграция, импортко көз карандылык, тамак-аш продуктылары, кайра иштетүү ишканалары, айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр, социалдык камсыздоо, жакырчылыкты кыскартуу.*

*В статье рассмотрена роль сельского хозяйства в обеспечении продовольственной безопасности страны, которая понимается как физическое наличие продуктов питания в достаточном количестве, возможность доступа к указанным продуктам питания со стороны домохозяйств и потребление продуктов питания в количестве, необходимом для обеспечения потребностей в питании.*

***Ключевые слова:*** *продовольственная безопасность, сельское хозяйство, интеграционные процессы, безработица, миграция, импортозависимость, продукты*